УДК: 821:821-1(575.2)(04)

*Сырдыбаева Н. М., изилдөөчү,*
*Басма иштери боюнча адис, n.syrdybaeva2019@gmail.com*

# К. ТЫНЫСТАНОВДУН "ЖАҢЫЛ МЫРЗА" ПОЭМАСЫНЫН ПОЭТИКАСЫ

*Макалада Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасынын сюжеттик-композициялык түзүлүшүнө: сюжет, идея, композиция, ыр түзүлүшү, көркөм жана стилистикалык ыкмаларга анализ жасоо аракети орун алган. К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасынын мисалында кыргыз фольклору жана профессионал адабиятынын ортосундагы тарыхый-маданий байланыштар каралган. Кыргыз оозеки чыгармачылыгында жана профессионал поэзиясында колдонуп келген көркөм ыкмалар менен формаларды салыштыруунун конкреттүү мисалдары келтирилген.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *К. Тыныстановдун чыгармачылыгы, «Жаңыл Мырза» поэмасы, профессионал поэзия, кыргыз адабиятына фольклордун таасири, поэманын поэтикасы, композициялык түзүлүш, ыр түзүлүшү, троптор, көркөм сөз каражаттары, метафора, эпитет, салыштыруу, гипербола, стилистикалык фигуралар.*

*Сырдыбаева Н. М., исследователь*
*n.syrdybaeva2019@gmail.com*

# ПОЭТИКА ПОЭМЫ "ЖАҢЫЛ МЫРЗА" К. ТЫНЫСТАНОВА

*Автор статьи приводит подробный анализ сюжетно-композиционной структуры поэмы «Жаныл Мырза» К.Тыныстанова: сюжет, идея, композиция, стихотворное строение, художественные и стилистические приемы. На примере поэмы «Жаныл Мырза» К.Тыныстанова рассматриваются вопросы историко-культурных связей кыргызского фольклора и профессиональной поэзии. В статье приводятся конкретные примеры сравнения художественных приемов и форм, используемых в кыргызском традиционном устном народном творчестве и профессиональной поэзии.*

***Ключевые слова:*** *творчество К.Тыныстанова, поэма «Жаныл Мырза», кыргызская профессиональная поэзия начала XX века, влияние фольклора на кыргызскую литературу, поэтика поэмы, композиционная структура поэмы, стихотворная строфа, тропы, средства художественной выразительности: метафора, эпитет, сравнение, гипербола, стилистические фигуры.*

*Sydyrbaeva N. M., researcher,*
*n.syrdybaeva2019@gmail.com*

# POETICS OF K.TYNYSTANOV'S POEM "JANYL MYRZA"

*The article's author provides a detailed analysis of narrative and compositional structure of the "Janyl Myrza" poem written by K. Tynystanov: plot, idea, composition, poetic structure, artistic and stylistic techniques. On the example of the "Janyl Myrza" by K.Tynystanov the issues of historical and cultural relations between Kyrgyz folklore and professional poetry are considered. The article provides specific examples of comparing artistic techniques and forms used in Kyrgyz traditional oral folk art and professional poetry.*

***Key words:*** *works of K. Tynystanov, the "Janyl Myrza" poem, Kyrgyz professional poetry of the early 20th century, the influence of folklore on Kyrgyz literature, poetics of the poem, the compositional structure of the poem, verse, tropes, means of artistic expression: metaphor, epithet, comparison, hyperbole, stylistic figures.*

Касым Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасынын сюжеттик-композициялык түзүлүшү жөнүндө төмөндөгүлөрдү айта алабыз: поэма кыргыз эл оозеки

чыгармачылыгында белгилүү "Жаңыл Мырза" эпосунун негизинде жазылган. Поэманын сюжетин түзгөн окуялар, каармандардын аттары, жердин аталыштары ошол бойдон сакталган. Окуянын өнүгүшүндө да ырааттуулук сакталат. Бирок сюжет башкача чечилет. Автор алдына башка проблема коюп, Жаңыл Мырзанын баатырдык турмушун даңазалабастан, ички дүйнөсүн, инсандык тагдырын ачып берүүгө басым кылат. Поэманын лирикалуулугу жана образдуулугу да ушундан. Чыгармадагы лирикалык чегинүү, автордук баяндоо, окуяны баяндоодо ырааттуулуктун сакталбашы, монолог менен диалог, пейзаждык сүрөттөөлөр сыяктуу өзгөчөлүктөр болсо кыргыз адабиятындагы алгачкы поэманын композициялык жаңычылдыгын мүнөздөйт.

Чыгарманын идеялык мазмунунун айырмалуулугу поэманын элдик оозеки чыгармачылыктын адабияттагы эркин интерпретациясы экендигин далилдейт.

Эгерде баатырдык эпосто башкы идея баатыр кыздын образын, анын эрдиктерин, элди-жерди коргоо темасы болсо, акын К. Тыныстанов башкы каармандын жеке инсандык ички дүйнөсүнө, аялзаттык тагдырына жана анын трагедиялуу болушуна басым койгон. Поэма өзүнүн койгон проблемасы менен терең драмалуу келет. Бул өзгөчөлүктү талдоо үчүн чыгарманын композициялык түзүлүшүнө өтүүбүз абзел.

### 1. "Жаңыл Мырза" поэмасынын композициялык түзүлүшү

К. Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасы элдик сюжеттин негизинде жазылганына карабастан, анын композициялык түзүлүшү адабий кубулуштарга жана көрүнүштөргө бай. Поэманын чыныгы профессионал адабияттын мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн нугунда ишке ашкандыгын эң оболу лирикалык каармандын катышуусу, лирикалык чегинүүлөрдүн, диалогдук жана монологдук кептин, пейзаждык сүрөттөөлөрдүн болушу жана окуянын баяндалышында мейкиндик-мезгилдик өзгөчөлүктөрдүн болушу айгинелейт.

Композициялык түзүлүшүн алсак, поэма беш бөлүмдөн жана лирикалык чегинүүдөн турат. Өткөн күндү даңазалаган лирикалык чегинүү чыгарманын башынан орун алган:

Болуптур бир сонун күн бизден мурун,
Чынында эң сонун күн билем ал күн.
Күү тартып, күңгүрөнүп айтса кары,
Эрксизден ууландырат эр жүрөгүн.
Комуздун үч кулагын толгой салып,
Тозоктун уулуу, зардуу күүсүн чалып,
Үн менен ый аралаш солкулдаса,
Энтигип, өткөн күнүн эсине алып;
Беш бармак чыгач тырмап аламы урса,
Жаш бийлеп ак сакалдан жерге тамса;
Жаш жүрөк аны көргөн ууланбайбы
Не курдуу эзилгисиз таш болсо да [3: 73-75].

Адабият теориясында көркөм чыгармада монологдун орун алышы каармандардын ички психологиясын ачып берүүчү негизги каражаттардын бири катары бааланары белгилүү. Мисалы, экинчи бөлүмдөгү Жаңылдын Түлкүгө кайрылган монологу:

Түлкү шер... мен канчыкмын, мойнума алам,
Сөзүң ак, айтканың жөн, чын деп табам.
Бирок да канчык дөбөт ким экенин
Энчилеп болбойтпу экен мындай майдан.
Сен эмес жалгыз, келип энчи үлөшкөн,
Энчисин бөлө кеткен далай адам.
Жалындуу махаббатым сени тапты,
Сени ойлой, эки сүйбөй чыксын бир жан!.. [3: 90].

Монологдон соң поэма Жаңыл Мырзанын махабаты жөнүндө дагы бир лирикалык чегинүү менен толукталат:

Махаббат – тозок оту балбылдаган,
Ким кызып илебине албырбаган;
Махаббат – кырдан качкан кызыл түлкү,
Бүркүттү ташка согуп алдырбаган;
Махаббат – турагы жок соккон шамал,
Мойнуна түргөн чалма салдырбаган;
Махаббат – чырга тарткан күлүк закым,
Кол созгон талапкерге карматпаган. [3: 91-92].

Акындын махаббат тууралуу лирикалык чегинүүсү поэмадагы эң лирикалуу жана поэтикалуу чекит болуп саналат. Көркөмдүк деңгээли боюнча бул ыр саптары кыргыз поэзиясынын классикалык тобун баштоого татыктуу. Деги эле, поэмада кездешкен лирикалык чегинүүлөр автордун пассивдүү позицияда болгону менен, анын өткөн доорго жана сүйүүгө болгон мамилесин билдирүү менен чыгарманын эмоционалдуу-экспрессивдүүлүгүн күчөтүп, ага кошумча көркөмдүк берет.

Үчүнчү бөлүм Жаңыл Мырзанын Абылдын жардамы менен колго түшүрүлүшүн баяндайт.

Поэманын төртүнчү бөлүмүндө Жаңылдын өзү үчүн өч алып, капастан качышы менен бүтөт.

Акыркы, бешинчи бөлүмдө Жаңылдын тууган жерине кайтып келип, элинен да ажыраган соң, сүйүүсүнө түбөлүк таазим кылып, сактап жүргөн жар кездигинен өз өмүрүн кыйышы менен аяктайт.

К. Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасынын композициялык түзүлүшүндө лирикалык чегинүүлөр менен катар башка да стилистикалык максатта колдонулган атайын ыкмалардын түрлөрүн кездештире алабыз. Жогоруда айтылган ошол эле монолог башкы каармандын психологиялык абалын сүрөттөсө, диалог башка катышуучуларды мүнөздөө максатында колдонулат. Диалог поэманын тилине реалдуулукту, каармандардын кебине жандуулукту берип турат. Диалогдордун дагы бир өзгөчөлүгү – башка каармандар жөнүндө кошумча кабар берет.

Поэмадагы жаратылышты сүрөттөөлөр акынды чебер пейзажист катары белгилейт:

Мен турдум, тышка чыктым... ай арасы,
Болгондой тумандanган тоонун башы
Ичинен ала булут шилеп өтүп,
Ак айдын убайымдуу көз карашы
Кыроого үстү-башын чылк оронуп,
Кийгендей күмүш кымкап сайдын ташы.
Короолой из түшүрүп түлкү, бөрү,
Энчилеш жазылгандай шыбагасы…
…Көңүлсүз күздүн күнү сырт саргарып,
"Өлдүм...!" дө өсүмдүгү каны качып,
Азайып тилсиз суулар эпке келген,
Мурунку долуланган жардан ашып.
Айрылып жылуу жаздын төшөгүнөн
Турган кез табийгатты кайгы басып…

Мисалда келтирилген пейзаждык сүрөттөөлөр жаратылыштын көрүнүшүн сүрөттөп тим болбостон, каармандардын абалын да туюндуруучу функцияны аткарат. Параллелизмди төмөнкү саптардан да кездештире алабыз:

Маселен: кандай жакшы жазгы утуру,
Түшкөндө жашыл гүлгө күндүн нуру.

Жоготуп жаздын чөбү, жашыл гүлүн,
Багынат күз келгенде учуп суру.
Байкасак, акыл жеткис таң каларлык,
Экен го табийгатта миң кубулуу.
Баарына кожосунган адам уулу,
Турбайбы а дагы эрксиз турмуш кулу.

Бул жерде адамдын турмушундагы кыйын учурлар, кайгы-капалар жаратылыштагы күздүн келиши, өсүмдүктөрдүн өңү саргайып, көркүнөн кеткен абалга теңдештирилген.

Поэманын композициясы сырткы көрүнүшү гана эмес, анын ички түзүлүшү, б.а., образдар системасы менен да айырмалуу. Чыгармада окуяга катышкан каарман-образдардан башка да көрүнүш-образдардын болушу ага кошумча лирикалуулук, сентименталдуулукту берип турат. Мындай көрүнүш-образдар поэмада туруктуу бир касиеттери менен кошо сүрөттөлүп, бир нече жолу кайталанат. Айталы, акындын көркөм чагылдыруусу боюнча, жел – эркиндикти, кыймылды символдоштуруп, өткөн күн менен азыркы доорду байланыштырган, бүгүнкүлөр үчүн өткөндүн жомогун “жомоктогон” көрүнүш. “Махаббат – кол созгон талапкерге карматпаган” күлүктөй сезим. Түн менен күн өткөн менен азыркы реалдуу турмушту символдоштурат. Күздүн узун түнү “мойну узун күздүн түнү” катары поэтизацияланат. Ал эми Жаңылдын окуясынын трагедиялуулугу поэмада баштан аяк бир үзүксүз сызык болуп өтөт. Муну “долу комуз” “уулуу, зардуу, күүсүн” “күңгүрөнүп” чертип, улам-улам эске салып турат. Комуз үнүн уккан ай – карайт, көл – тынчыйт, булак – коштойт, жел – тыңшайт.

Мына ушул лиризмди акын өткөн күндөн бүгүнкү күнгө чеберчилик менен ийкемдүү формада жеткире алган. Башкача айтканда, окуяны баяндоодо мезгилдик-мейкиндик өзгөчөлүк байкалат. Болуп өткөн окуянын сюжети ыраатгуу баяндалганы менен, лирикалык каарман ар бир бөлүмдө күн менен түндүн алмашышы менен өткөн доордон биздин реалдуу заманга секирик жасап жүрөт. Бул хронологиялык өзгөчөлүк да адабиятта атайын ыкма катары ийгиликтүү колдонулат. Муну менен катар сюжеттеги окуянын ыраттуу өнүгүшүн фольклордун таасири деп айта алабыз. Поэмада акын окуялардын жүрүшүн сүрөттөөдө аларды деталдаштырып баяндоодон качкандыгы жана окуяны андагы кыймыл-аракетке же көрүнүшкө мүнөздүү бир белги же сапат, же анын натыйжасы менен гана берип, жыйынтыктап коюшу байкалат. Чыгармада көп чекиттер менен берилүүчү аягына чыкпай калган ойдун көп кездешиши жана автордун окуянын андан аркы логикалык уланышын окурмандын өзүнүн ойлонуусуна коюшу “Жаңыл Мырза” поэмасына кандайдыр бир новеллалык мүнөз кошот.

“Жаңыл Мырза” поэмасындагы кыргыз профессионалдык поэзиясына таандык белги катары чыгарманын ыргагы, ыр түзүлүшүн жана уйкаштыгын да айта алабыз. Мисалы:

_ _ 3 _ / _ _ 4 _ _ / _ _ 4 _ _ // 11
Мойну узун күздүн түнү... Уйкум качты,
_ _ 3 _ / _ _ 4 _ _ / _ _ 4 _ _ // 11
Чубалжып усчуз, түпсүз кыял басты...
_ _ 3 _ / _ _ 4 _ _ / _ _ 4 _ _ // 11
Кысылып көкүрөгүм, алым куруп,
_ _ 3 _ / _ _ 4 _ _ / _ _ 4 _ _ // 11
Оодарды түпсүз кыял бербей башты...
_ _ 3 _ / _ _ 4 _ _ / _ _ 4 _ _ // 11
Талаада темир аяз дооран сүрүп,
_ _ 3 _ / _ _ 4 _ _ / _ _ 4 _ _ // 11
Чыгарбай күндүн көзүн, таң да атпады,
_ _ 3 _ / _ _ 4 _ _ / _ _ 4 _ _ // 11

Угулуп чалган комуз алда кайдан,
_ _ 3 _ /_ _ 4 _ _ / _ _ _ 5 _ _ // 11
Умачтай түн ортодо көзүмдү ачты.
Салыштыралы:
_ 2 _ /_ 2 _ / _ _ 5 _ // 7
Карылардан укканды
_ 2 _ /_ 2 _ / _ _ 5 _ // 7
Угуп бөөдө кетирбей
_ _ 3 _ / _ 2 _ / _ 3 _ _ // 8
Көңүлгө сактап тутканды
_ 3 _ _ / _ 2 _ / _ 3 _ _ // 8
Кара сөз менен бербестен,
_ _ 3 _ / _ 2 _ / _ _ 5 _ // 8
Тарихин бекем байланттым
(2) 1 2 _ _ _ / _ _ 5 _ // 6(7)
(И)Стилине Манастын
_ 2 _ / _ 2 _ / _ _ 5 _ // 7
Салып ырга айланттым [6: 5].

Поэманын ыр түзүлүшү кыргыз салттык ыр түзүлүшүнөн айырмалуу келип, 3-4-5 муундук түзүлүштөн, 11-13 муун ыргагынан туруп, **а а б а б а г а** уйкаштыгын түзөт. Сегиз жолдуу строфанын бул уйкаштыгы – кыргыздын салттуу, фольклордук ыр түзүлүшүнө мүнөздүү эмес, кийин жазма тилдин жана адабияттын пайда болушу менен өздөштүрүлгөн система. Уйкаштыктын бул түрүндө бир гана уйкаштык колдонулуп, 1-2-жолдун уйкаштыгы өзгөртүлбөстөн, 4-6-жолдорго чейин уланат [13: 98]. Ал эми фольклордо ыр түзүлүшү 7-8 муундан түзүлөрү белгилүү.

**2. К. Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасындагы көркөм сөз каражаттары**

Көркөм сөз каражаттарды анализдөө чыгарманын поэтикасын ачып берүүдө башкы звенолордун бири болуп саналат. Чыгарманын эстетикалык баалуулугу, автордун чеберчилиги, чыгармачылык өнөрканасы композициялык түзүлүшүнөн сырткары, анын образдуулугу менен аныкталары талашсыз. Ал эми образдуулук чыгарманын тили, анын көркөмдүүлүгү аркылуу аныкталат. Ошондой эле поэмага буга чейин тиешелүү деңгээлде көңүл бурулбай келгендиктен, анын чыныгы тарыхый-эстетикалык ордун эске алсак, көркөм сөз каражаттары чыгарма кыргыз адабиятынын ошол мезгилдеги абалын жана өнүгүш потенциалын байкоо үчүн баалуу материал боло алат.

Төмөндө К. Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасында учураган көркөм сөз каражаттары: эпитет, метафора, салыштыруу, гипербола жана стилистикалык фигуралар жөнүндө сөз болот.

Көркөм сөз каражаттарын анализдөөдө алардын структуралык түзүлүшү гана каралбастан, "Жаңыл Мырза" поэмасынын жаралыш тарыхын эске алуу менен, кыргыз оозеки чыгармачылыгында колдонулуп келген метафора, эпитет, салыштыруу жана гиперболанын фольклордук формасы менен салыштырылат. Мындай салыштырып иликтөө, жогоруда белгиленгендей, кыргыз адабиятынын өнүгүш механизмин да көрсөтө алат. Ал эми көркөм сөз каражаттарынын түрлөрүнүн глава ичинде орун алышы тигил же бул троптун колдонулуш активдүүлүгүнө жараша аныкталды.

**Метафора**

Метафора К.Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасында эң көп учураган көркөм сөз каражатынын түрү болуп саналат. Өзүнүн лирикалуулугу жана поэтикалуулугу менен айырмаланган бул чыгармада метафоралардын көркөм-стилистикалык функциясы өтө зор. Поэманын тилинин өзгөчө образдуулугу жана эмоционалдык-экспрессивдүү таасир

этүүчүлүгү да метафоранын жардамы менен ишке ашкан. Муну метафоралардын өзгөчө лирикалык чегинүүлөрдө учурашы далилдеп турат:

Махаббат – тозок оту балбылдаган,
Ким кызып, илебине албырбаган.
Махаббат – кырдан качкан кызыл түлкү,
Бүркүттү ташка согуп алдырбаган.
Махаббат – турагы жок соккон шамал,
Мойнуна түргөн чалма салдырбаган
Махаббат – чырга тарткан күлүк закым,
Кол созгон талапкерге карматпаган.

Автор өткөн күндү элестеткен күүнү *күңгүрөнтүп*, комузду безилдетип черткен колду *беш бармак*, комуздун өзүн *жыгач* деп, тез чертилген күүнү *алам уруп* деп туюнткан. Ал тарыхты уккан уккан жаш муунду *жаш жүрөк*, муңдуу күүнүн таасирин *ууланууга* окшоштуруп берет. Экинчи мисалда болсо акындын махабатка болгон мамилеси да лирикалык чегинүү аркылуу берилет. Бул жерде ишке ашпай калган махабат образдуу түрдө берилип, анын күчү *тозоктогу от* менен салыштырылып, андан кийинки өкүнүч *бүркүттү ташка согуп, алдырбай кутулган түлкү* менен, *эркин соккон шамал* менен, жетпеген сүйүү *ат салышта жеткирбеген күлүк аттын* символу аркылуу чагылдырылат.

Жогорудагы келтирилген үзүндүлөрдө учураган метафоралар оригиналдуулугу менен айырмалангандыгы талашсыз. Бул дагы бир жолу К. Тыныстановду чебер профессионалдуу акын катары мүнөздөйт.

Ал эми поэмадагы жаратылыш көрүнүштөрүнүн туруктуу, белгилүү бир сапатты алып жүрүүчү предмет-образ катары метафоралаштырып берилиши композициялык өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Мындай метафораларда көрүнүш же предмет жандандырылып көрсөтүлгөн:

Боорунда Ала-Тоонун *жел ойногон.*

Ал эми жаратылыш көрүнүшүн сүрөттөөдө мындай метафоралар колдонгон:

*Азайып тилсиз суулар эпке келген,*
*Мурунку долуланган жардан ашып.*
*Айрылып жылуу жаздын төшөгүнөн,*
*Турган кез табийгатты кайгы басып.*

Ала-Тоонун көрүнүшүн, анын өзгөчө ак карлуу мөңгүлөрүн өткөн күн менен байланыштырып, башына селде оронгон кишиге окшоштурат:

*Ак муздан неге Ала-Тоо селде оронгон?*

Ал эми бул ыр саптарында, тескерисинче, жаратылыш көрүнүшү болгон күн менен түндүн алмашышы метафора аркылуу берилген:

*Үстүнөн тон, көрпөсүн сыйрып таштап,*
*Жер жүзү жарык болду, таң агарып.*
*Мойну узун күздүн түнү...* Уйкум качты.
Чубалжып *учсуз, түпсүз кыял* басты

деген ыр саптарында күз түнүнүн өзгөчөлүгү “мойну узун” деген айкалыш аркылуу поэтикалык формада берилген. *Ак айдын убайымдуу көз карашы* деген эпитетте түнкү айдын өң-түстүк белгиси гана эмес, айдын өзү жандандырылып, көрүүчүлүк сапатты мүнөздөгөн. Мындай ыкма адабият теориясында, адатта, олицетворение деп аталып, метафоранын бир түрүн түзөт. Буга дагы бир мисал:

*Бетинен Ысык-Көлдүн толкун токтоп.*
*Караштьы ак балыктар көзүн салып,*
*Жоготуп уайымдуу көз карашын,*
*Ак ай да күү тыңшады нурун чачып.*

*Боорунда Ала-Тоонун алтын булак*
*Чыдабай а да ырдады үн алышып*

Акын метафоралаштырууда көрүнүштү же предметти кандайдыр бир бөлүгү аркылуу мүнөздөө, метонимиялар аркылуу туюнткан. Мисалы, комузду *үч кыл, үч ичек, чыгач;* колду – *беш бармак*; жааны – *он саамай, жебе*, комуз чертүүнү – *чыгач тырмоо*; кыргыз, казак элдерин – *алаш*:

*Беш бармак чыгач тырмап*, аламы урса,
Жаш бийлеп, ак сакалдан жерге тамса...
Басынса, бул майданда түбөлүк жок
Огунан *он саамайдын* казаланмак.

Поэмада метафора, негизинен, жалпы мааниге ээ болуп, жайылма формада ишке ашкан. Жасалыш өзгөчөлүгү боюнча мындай метафоралардын составында эпитет, салыштыруу, гипербола сыяктуу көркөм сөз каражаттарынын болушу менен айырмаланат.

**Эпитет**

Эпитеттер К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасында эң жыш колдонулган көркөм сөз каражаты болуп саналат. Деги эле кыргыз адабиятына эпитеттердин башка көркөм сөз каражаттарына караганда көбүрөөк кездешиши мүнөздүү. Муну эпитеттин негизги өзгөчөлүгү, анын “көркөм аныктоочулук” [12: 46] функциясы менен түшүндүрүүгө болот. Анткени троптун бул түрү көрүнүштү кыска жана так сүрөттөө же туюнтуу менен анын белгилүү бир сапатын баса көрсөтүп окшоштуруу максатында колдонулат.

К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасында ар кандай формадагы эпитеттер учурайт. Алардын ичинде салттуу эпитеттер да, адабий жана автордук эпитеттер да учурайт. Фольклордук эпитеттер, негизинен, Жаңыл Мырзаны сүрөттөөдө колдонулган. Сөзүбүздүн далилдүү болушу үчүн мисал келтирели:

*Жаңыл кыз-эрдин эри, шердин шери,*
Жаңылдан далай эрдин сынган бели
Же болбосо: *Жаңыл – шер, Жаңыл – жолборс, Жаңыл – кабылан.*

Деги эле Жаңыл Мырзанын ысмындагы “*Мырза*” компоненти Жаңылдын баатырдык, эрдик сапаттарын чагылдырган туруктуу эпитет эмеспи. Жогорудагы мисалдардан байкалгандай, поэмада да, “Жаңыл Мырза” эпосунун варианттарында да башкы каармандын образын ачып берүүдө *эр, шер, кыз, кабылан, арстан, жолборс* сыяктуу эпитеттер кездешет. Аталган эпитеттер кыргыз элинин баатырдык эпосторуна мүнөздүү белгилердин бири болуп саналат. Ал эми К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасы элдик сюжеттин негизинде жаралганы белгилүү. Бул эпитеттерден башка, Жаңылдын образына байланыштуу фольклордо кеңири таралган дагы бир эпитет, “*бейбактын*” колдонулушун мисалга ала алабыз:

Какшаалдан карга учурбай дирилдеткен,
Ким эле ошол кезде *Жаңыл бейбак*?

Ал эми адабий жана автордук эпитеттерге төмөндөгүлөрдү киргизүүгө болот:

Чыкылдап *темир аяз* бийлеп алып,
Бир жактан ич бышырса *узун түнү*.
Өткөн күн – *сулуу сүрөт* ойлогонго...

Дүнүйө жаралганда бул күнгөчө
*Тең баспас таразага* негизделген.

*Жел ыры, булак үнү* толкундатат
Махаббат түйүнчөгүн жүргөн сактап.

*Эпкиндүү азоо жүрөк* алсызданат
*Өмүрдүн эң акыркы күүсүн* тартып.

Структуралык түзүлүшү боюнча поэмада жөнөкөй, татаал жана жайылма эпитеттер кездешет.

Поэмадагы эпитеттер функциялык жагынан сүрөттөөчү максатта колдонулган. Келтирилген мисалдар менен поэмадагы эпитеттердин тизмеси чектелип калбайт. Эпитеттер бүтүн чыгарма бою учурайт.

**Салыштыруу**

Көркөм чыгарманын ажарын ачып берүүчү каражаттардын бири – салыштыруу. Салыштыруулар поэтикалык окшоштуруунун эң байыркы, көп түрдүү жана кеңири тараган формасы болуп эсептелет. Ал эми К. Тыныстанов “Жаңыл Мырзада” ар кандай типтеги, ар түрдүү түзүлүштөгү жана функциядагы салыштырууларды колдонгон. Салыштыруулардын кайсы типте жана кандай түзүлүштө болгондугун талдоо үчүн мисал келтирели:

***Күзгүдөй*** *тунук* *<u>сайдын булактары</u>*,
Үн кошот махаббатты а да коштоп.

Же болбосо: ***Жалындай*** *жар ортосу муз* турбайбы,
Иштесе зулум тагдыр *так ушундай*.

Биринчи мисалдагы салыштыруу үч элементтен курулган. Толук салыштыруу үч элементтен: салыштыруу объектисинен, образдан жана предметтен турат. Жогорку салыштыруунун мисалында төмөндөгүдөй түшүндүрө алабыз. Эгер салыштыруу объектиси *сайдын булактары* болсо, образ – *күзгү*, ал эми бул эки түшүнүктү бириктирип турган жалпы белги – *тунуктук*. Кыргыз тилинде салыштыруу грамматикалык жактан, негизинен, *-дай* формасы аркылуу жасалат; бул жерде да толук салыштыруу -дай мүчөсүнүн жардамы менен берилген.

Структурасы боюнча жайылма салыштыруулар да белгилүү. Адатта, мындай салыштыруулар бир нече ыр саптарынан туруп, ажырагыс биримдикте болушат.

Поэмада фольклордо колдонуп келген туруктуу салыштыруулардын катышкандыгы талашсыз. Мисалы:

*Кабыландай капастагы* кайгы жедим.

Адабий жана автордук салыштыруулар салттык сөз каражаттарынан кайталангыс лирикалуулугу, эмоционалдык-экспрессивдүүлүгү менен айырмаланат:

Келгендин бири жетпей максатына,
Жебеден *куш тилиндей жанын берген.*

*Кийиктей эркин өскөн элиң* кандай,
*Жаң*ылдай ири жандуу кыз урунган.

*Өткөн күн – желдей соккон эрки чексиз,*
*Өткөн күн – көк теңиздей түпсүз, четсиз.*

**Гипербола**

Гипербола К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасындагы сейрек колдонулган троптун түрү болуп эсептелет. Ошого карабастан, бул көркөм сөз каражатынын да поэманын тарыхый-эстетикалык ордун аныктоодо салмактуу мааниге ээ болору төмөндө аныкталмакчы.

К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасында төмөндөгүдөй гиперболалар кездешет:

Жер койбой, эл аралап, эрди сынап,
*Далайдын ким экенин билген сынчы.*

Байкасак, *акыл жеткис таң каларлык*
Экен го табигатта миң кубулуу.

*Жан тойгус сулуулукту* кошоматтап
Байланган көөкөр, көнөк шарак-шурак.

*Сан-сан миң, түмөн-түмөн мал айдаган*,
Санаасыз кымыз ичкен, бээ байлаган,
*Кайгысыз, убайымсыз ойгут элин*
Багынтып алда качан кытай алган.

Жогоруда келтирилген мисалдарда поэмада гиперболанын фольклордук, адабий, жана автордук түрүн да учурата алабыз. Мисалы, *сан-сан миң, түмөн-түмөн* формасы элдик эпикалык чыгармаларда активдүү колдонулат. Бирок чыгармада мындан башка фольклордук гиперболага мисал келтире албайбыз. Байкалгандай, кездешкен гиперболалар, негизинен, адабий же автордук формада түзүлгөн.

Баатыр кыздын образын ачып берүүдө гиперболизация аркылуу Жаңылдын эрдиги, тайманбастыгы көрсөтүлөт. Ошол эле учурда К.Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасында көркөм сөз каражаттарынын ичинен аз колдонулгандыгы менен маанилүү теориялык жыйынтык чыгаруу үчүн жетиштүү десек, жаңылышпайбыз. Жогоруда гиперболанын табияты эпикалык чыгармага мүнөздүү экендиги айтылып кетти.

**Стилистикалык фигуралар**

К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасынын көркөм сөз каражаттарын анализге алып жатып, андагы көп учураган кээ бир стилистикалык фигураларды карап кетүүнү туура таптык. Стилистикалык фигуралардын дагы бир өзгөчөлүгү: алар көлөмдүү келип, ошол эле көркөм сөз каражаттардын жардамы менен жасалышы мүмкүн. К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасында кайталоо, параллелизм, антитеза, көп чекит сыяктуу стилистикалык фигуралар абдан көп колдонулган.

Кайталоо – активдүү колдонулган активдүү стилистикалык фигуралардын бири. Поэмада кайталоонун ар кандай түрлөрү кездешет. Мисалы, поэмада анафоранын (бир сөздүн ыр саптарынын башында кайталанышынын) көркөм туюнтуучулук функциясы зор:

Махаббат – тозок оту балбылдаган,
Ким кызып, илебине албырбаган.
Махаббат – кырдан качкан кызыл түлкү,
Бүркүттү ташка согуп алдырбаган.
Махаббат – турагы жок соккон шамал,
Мойнуна түргөн чалма салдырбаган
Махаббат – чырга тарткан күлүк закым,
Кол созгон талапкерге карматпаган.
Өткөн күн – желдей соккон эрки чексиз,
Өткөн күн – көк теңиздей түпсүз, четсиз.
Өткөн күн көп күндөрдүн бир айт күнү
Беп-белен, телегейи тең теп-тегиз.
Өткөн күн – сулуу сүрөт ойлогонго
Теңдикти, эркиндикти элестеткич.
Эр бакты эл бактына келип кеткен,
Өткөн күн – күн экен го акыл жеткис.

Жогорудагы мисалдарда кайталоо сөз болуп жаткан өткөн күндү жана махабатты поэтизациялоо менен бирге, анын окурмандар үчүн андан дагы таасирлүү, лирикалуу болушун камсыз кылды. Анафоралардагы кайталоонун биринчи бөлүктө орун алышы

алардын маанисине көңүл буруп, автордун так ушул сөздөргө басым жасоо максатында колдонулгандыгын далилдейт. Байкалгандай, келтирилген эки мисал тең поэмадагы лирикалык чегинүүлөрдөн алынды. Бул жагдай чыгармадагы кайталоолордун атайын көркөм-стилистикалык максатта колдонулуш өзгөчөлүгүн андан да терең аныктайт.

Ал эми төмөнкү келтирилген үзүндүдө кайталоолор суроо-жооп иретинде берилип, чыгарманын эмоционалдык-экспрессивдүүлүгүн арттырат:

***Боорунда Ала-Тоонун*** *кимдер* болгон?
Эркиндеп кимдер көчүп, *кимдер* конгон?
***Балпайып, бай-байбиче*** ырыс күтүп,
***Жайылып этек-жеңи*** *кимдер оңгон?*
***Бейпилде,*** берекеде жаткан элди
Баш болуп, башын кармап *ким колдогон?*
Жери кур, эли түгөл жаткан болсо,
Ак муздан неге ***Ала-Тоо*** селде оронгон?...
***Боорунда Ала-Тоонун*** жел *ойногон*.

***Балпайып, бай-байбиче*** ырыс күтүп,
***Жайылып, этек-жеңи*** куунап *оңгон*
***Бейпилде, берекеде жаткан элди***,
Бүтүмгө чыбык кырккан бий *колдогон*
Бийлери берекелүү куруган соң,
Башына ***Ала-Тоонун*** ак боёлгон.

Мында үзүндүнү шарттуу түрдө экиге бөлүп кароо ыңгайлуу. Суроо-жооп иретинде түзүлгөн бул бөлүктүн биринчи бөлүгүндө суроо берилип, экинчи бөлүгүндө суроого жооп катары биринчи бөлүгүндөгү сөздөрдүн бардыгы кайталанат. Үзүндүдөгү кайталоолорду талдоодо кайталанган сөздөрдү шарттуу түрдө үч топко бөлүп карадык. Биринчиси – “кимдер”, суроолуу бөлүктө гана кайталанып, окурмандын “кимге” болгон кызыгуусун күчөтөт, экинчи бөлүктө жооп иретиндеги сөздөр менен алмаштырылган. Ал эми экинчи топтогу кайталануучу сөздөргө “ойногон”, “конгон” деген этиш сөздөрдү киргизебиз. Булар үзүндүнүн биринчи бөлүгүндө суроо иретинде колдонулса, экинчи бөлүгүндө жооп катары кабыл алынат. Үчүнчү топко эки бөлүктө тең кайталануучу “боорунда Ала-Тоонун”, “жайылып этек-жеңи”, “балпайып бай-байбиче” деген сөз айкаштарын киргизебиз. Кайталоолордун мындай формада орун алышы үзүндүнүн риторикалык таасирин күчөтүү максатында да колдонулган.

Чыгарманын таасир этүүчүлүк касиетин күчөтүп, метафоралаштыруу аркылуу берилген поэманын тилинин эмоционалдык боёгун күчөтүүчү дагы бир стилистикалык фигура – паралелизмдер да – кездешет. Айталы, төмөнкү саптарда адам турмушу менен жаратылыш кубулушунун ортосуна параллель жүргүзүлгөн:

Маселен: *кандай жакшы жазгы утуру,*
*Түшкөндө жашыл гүлгө күндүн нуру.*
*Жоготуп жаздын чөбү, жашыл гүлүн,*
***Багынат күз келгенде учуп суру.***
Байкасак, акыл жеткис таң каларлык,
Экен го табигатта миң кубулуу.
*Баарына кожосунган адам уулу,*
***Турбайбы а дагы эрксиз турмуш кулу***

“Жаңыл Мырза” поэмасында жыш учураган фигуралардын бири –көрүнүштөрдүн карама-каршылык аркылуу берилиши болгон **антитеза**. Мисалы, бул саптарда эки жардын ортосундагы мамиленин өзгөрүшү жалындай ысык абалдан муздай суукка өтүшү кескин антонимдер аркылуу берилип, эмоционалдуу-экспрессивдүүлүк даражасы күчөтүлдү:

*Жалындай* жар ортосу *муз* турбайбы,
Иштесе зулум тагдыр так ошондой.
Баарына *кожосунган* адам уулу,
Турбайбы а дагы эрксиз турмуш *кулу*.

Поэмада антитезанын түзүлүшүндө даяр, абсолюттук антоним сөздөрдү гана колдонбостон, ички карама-каршылыкты туюндурган, контекстте гана билинген сөз каражаттарын колдонуусу чыгарманын экспрессивдүүлүгүн күчөтөт. Мисалы, төмөнкү ыр саптарында “бир” жана “эки” кадимки абалында карама-каршы мааниге ээ эмес. Бирок контекстте каармандын психологиясын, ички абалын эске алганда, эки жолу сүйүү бир жолку махабатын тануугa алып келет жана каршы коюлушу түшүнүктүү болот:

Жалындуу махаббатым сени тапты,
Сени ойлой, *эки сүйбөй* чыксын *бир жан*!..

Ойду толук берүүгө мүмкүн болбогон учурларда автор көп чекитти колдонгон. Мындай стилистикалык фигура кээ бир учурларда автордун оюнун толук эместигин билдирсе, экинчи бир учурда окуянын андан ары жүрүшүн деталдаштырып сүрөттөп отурбай, окурмандын өзүнүн ой чабытына тартуулайт. Бул учурда окуянын жүрүшүнүн динамикалуулугу сакталып, анын чукул бурулушу күчтүү эмоционалдык таасир калтырат.

Салыштырып көрөлү:

Мойну узун күздүн түнү... уйкум качты,
Чубалжып, учсуз, түпсүз кыял басты...

Ой чиркин!.. күн экенсиң өткөн заман,
Тамшанткан, такылдаткан, таң калдырган.

Жыйынтыктап айтканда, К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасынын көркөм сөз каражаттары кайталангыс автордук метафора, эпитет, салыштыруу жана гиперболалар менен бирге туруктуу фольклордук троптордун катышышы мүнөздүү экендиги белгилүү болду. Поэманын тилинде фольклордук каражаттар арбын жана бул да поэманын элдик сюжеттин кайталанышынан келип чыккан.

К. Тыныстановдун кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында белгилүү “Жаңыл Мырза” баатырдык эпосунун сюжетинде жазылган “Жаңыл Мырза” поэмасы бир эле учурда кыргыз адабиятынын фольклордон өнүп чыгышына да, профессионал адабиятта фольклордук каражаттардын өздөштүрүлүп, колдонушуна ачык мисал боло алат. Бул процесс чыгарманын сюжетинен гана эмес, аны композициялык түзүлүш өзгөчөлүктөрү менен бирдикте караганыбызда дагы ачык байкалат. Поэмадагы образдар ар тараптан толук ачылып берилбегенин эске алган кезде да, К. Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасы кыргыз адабиятынын өнүгүшүнүн алгачкы жылдарындагы эң ийгиликтүү чыгармалардын бири катары улуттук адабияттын ошол мезгилдеги абалын жана кийинки өнүгүш мүмкүнчүлүктөрүнө баа берүүдө маанилүү көрсөткүч катары кабыл алынышы талап кылынат.

**Адабияттар:**

1. Абдрыхманов Ы., Жаңыл Мырза // Чыг.жыйн. - Ф., 1947.
2. Мусулманкулов М. Жаңыл Мырза //Ырлар жана дастан. - Ф.,1983.
3. Касым Тыныстан уулу, Жаңыл Мырза: Поэма. // Касым ырларынын жыйнагы. – Москва,1925 (реформаланган араб алфавити менен).
4. Касым Тыныстанов Жаңыл Мырза: Поэма/ Баш сөзүн жазган А.Эркебаев //Кыргызстан маданияты. - 1988, 24-декабрь, 1988, 1-январь.
5. Касым Тыныстан уулу Жаңыл Мырза: Поэма: Адабий чыгармалар/ Баш сөзүн жаз. жана даярд. З. Бектенов, А. Эркебаев. - Б.: Адабият, 1991.
6. Чоробаев А. Жаңыл Мырза // Ырлар жана поэмалар. - Ф., 1957.

7. Абакарова Ф. О. От гиперболизации к реалистической конкретизации (на материале даргинских эпических песен) //Поэтика фольклора народов Дагестана: Сб. ст. - Махачкала, 1981.
8. Жигитов С. Касым Тыныстановдун акындык өнөрү //Ала-Тоо. -1991. -№9-10.
9. Кайыпов С. Т. Проблемы поэтики эпоса “Эр Тештюк”. - Ф.,1991.
10. Кыдырбаева Р. З. Народно-поэтические традиции в эпосе “Жаныл Мырза”. - Фрунзе: Илим, 1960.
11. Лихачев Д. С. Поэтика древнерусской литературы. - Л.: Наука, 1977.
12. Рубайло А. Т. Художественные средства языка. -М.: Учпедгиз,.1961.
13. Рысалиев К. Кыргыз ыр түзүлүшү. - Ф., 1965.
14. Эркебаев А. Жаңы маданиятыбыздын көч башы // Касым Тыныстан уулу, Адабий чыгармалар. - Бишкек: Адабият, 1991.